**Пресс-релиз**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 6,00 пайыз деңгээлинде калтырды**

Улуттук банк Башкармасы 2016-жылдын 29-августунда эсептик чен өлчөмүн 6,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды. Чечим 2016-жылдын 30-августунан тартып күчүнө кирет.

Акча-кредит саясаты чөйрөсүндө буга чейин кабыл алынган чаралар республикада учурда түптөлгөн инфляцияны басаңдатууга таасир этүүдө. Жылдык мааниде алганда инфляция жыл башындагы 3,4 пайыздан төмөндөп отуруп, август айында (19-августка карата) 0,5 пайызды түзгөн. Айрыкча, өлкөнүн айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү, Россияда жана Казакстанда, ошондой эле дүйнөлүк негизги азык-түлүк рынокторунда алгылыктуу жагдайдын өкүм сүрүшү, азык-түлүк товарларын сунуштоо факторунун күч алышы алкагында товарлардын ушул тобунда негизги төмөндөөнүн жүрүшүнө түрткү берген. Ички суроо-талаптын салыштырмалуу төмөндүгү өлкөдө керектөө баасына токтотуучу таасирин улантууда.

Экономиканын абалы оң жагына ыктып өзгөрүүдө. 2016-жылдын январь-июль айларында айкын ички дүң өнүм 1,2 пайызга кыскарган, ал эми жылдын биринчи жарымында төмөндөө арымы 2,3 пайыз чегинде катталган эле. Кайра иштетүү өнөр жайында өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү, негизинен, "Кумтөр" ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн басаңдашы жана жергиликтүү продукцияга болгон талаптын алсыздыгы экономикада өсүш багытын чектеген фактор бойдон калууда. "Кумтөр" ишканаларында өндүрүш көрсөткүчтөрүн эске албаганда, экономиканын өсүшү 1,6 пайызды түзгөн. “Кумтөрдү” эске албагандагы айкын ички дүң өнүмдүн мааниси, акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана ага талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүдө алда канча маанилүү көрсөткүч болуп саналат.

Август айынын айрым бир учурларында ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата талап, аны сунуштоодон бир аз артып тургандыгы байкалган. Сом жыл башынан бери (25-августка карата) 9,6 пайызга чыңдалган. Улуттук банктын валюта саясаты алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөөгө багытталган.

Ошентип, өлкөнүн борбордук банкы орто мөөнөткө каралган инфляция боюнча болжолдоолорду эске алуу менен эсептик чен өлчөмүн сактап калуу чечимин кабыл алды. Инфляциялык тобокелдик анча жогору болбогон шартта, бул чечим экономиканын реалдуу секторунун өнүгүшүнө андан ары өбөлгө түзөт деген ишенич бар.

Улуттук банк инфляцияга таасир эткен тышкы жана ички факторлорго баа берүүнү улантып, аны акча-кредит саясатынын негизги багыттарында аныкталган 5-7 пайыз сандык көрсөткүч чегинде чектеп туруу максатында, тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат.

*Кошумча маалымат:*

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2016-жылдын 26-сентябрына пландаштырылган.